5.7. Окуу жыл ичинде тематикалык ачык сабактарды жана класстан тышкары иш-чараларды уюштуруу менен коштолгон бирден кем эмес семинар өткөрүлөт.
5.8. Окуу жылынын аягында билим берүүчү уюмунун директорунун орун басары усулдук бирикменин ишин талдап ,усулдук бирикменин акыркы отурумунда ишти жакшыртуу боюнча өзүнүн сунуштарын айтат.
5.9. Усулдук бирикменин документтери мектепте 3жыл сакталат, андан соң, Усулдук бирикме отурумдарынын протоколдору МБУ ишинин пландары жана талданышы 10 жылга сактоо үчүн архивке тапшырылат.

6. Мектептеги усулдук бирикменин иш кагаздары
6.1. Усулдук бирикмени ачуу жөнүндө буйрук.
6.2. Усулдук бирикменин төрагасын дайындоо жөнүндө буйрук.
6.3. Усулдук бирикме жөнүндө жобо.
6.4. Усулдук бирикменин мугалимдеринин кызматтык милдеттери.
6.5. МУБ нун өткөн жылдагы ишинин талданышы.
6.6. Жаны окуу жылына карата усулдук иштин темасы ,анын максаты ,эң маанилуу багыттары, милдеттери.
6.7. Усулдук бирикме утурумдук окуу жылына түзүлгөн иш планы, мугалимдердин предмет боюнча ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштерди өткөрүү графиги.
6.8. Усулдук бирикме ишинин ар айлык планы.
6.9. Усулдук бирикме мугалимдери жөнүндө маалымат.
6.10. Мектеп ичиндеги көзөмөл.
6.11. Усулдук бирикменин отурумдарынын протоколдору

7. Усулдук бирикменин укуктары
7.1. Кесиптик денгээлин жогорулатуу үчүн сунуштарын даярдоо жана мугалимдерди көрсөтүү.
7.2. Мектептеги окуу процессин жакшыртуу жөнүндө сунуш айтуу.
7.3. Усулдук бирикмеде топтолгон алдынкы педагогикалык тажрыйба жөнүндө материалдарды жарыялоого сунуштоо.
7.4. Мектеп жетекчилерине усулдук бирикменин эксперименттик ишке жигердуу катышкан мугалимдерди сыйлоо маселесин коюу.
7.5. Мугалимдерге кесиптик чеберчилигин жогорулатуунун ар түрдүү формаларын сунуштоо.
7.6. Окуучулардын окуусундагы жана тарбиясындагы маселелер боюнча кеп-кенеш алуу учун мектеп директорунун орун басарына кайрылуу.
7.7. Мугалимдерди аттестациялоону уюштуруу жана бул иштин мазмуну боюнча сунуш киргизүү.
7.8. Усулдук бирикмеде мугалимдердеги ар кайсы денгээлдеги « Жыл мугалими» жана «Мыкты класс жетекчи »конкурстарына көрсөтүү.

8. Усулдук бирикме мүчөлөрүнүн милдеттери
Усулдук бирикменин төмөндөгүдөй милдеттери бар
8.1. Кесипкөй чеберчилигин арттыруу жагынан иштөө.
8.2. Усулдук биикменин отурумдарына ,практикалык семинарларына ,алдынкы тажрыйба мектептерине ж.б.у.с. катышуу.
8.3. Педагогикалык ишмердигин өз алдынча талдоо иштерин өздөштүрүү.
8.4. Окуу предметтеринин сабак берууну диагноздоо ,божомолдоо ,пландоо маселелери боюнча материалдарды иштеп чыгуу.